# 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

**УДК 37.013.78**

***Турсунбаева А.** - окутуучу,*
***Байдулетова Г.С.** - окутуучу,*
***Мамырасулова Ч. Ж.** - окутуучу*

## ***"Кредит алгам, аны төлөө керек, анан кантмек элем"......***

Бул тема урматтуу замандаш Кыргызстандагы бир аттуу-баштуу жетекчинин, чиновниктин, депутат же жазуучунун атактуу фразасы деле эмес, кадимки эле Жалал-Абад медициналык орто окуу жайынын бир окутуучусунун чын дилден, качпастан так туура берген жообу.

Ушул маселе бардык инсандарды ойлондурат жана терең ойлоого мажбурлайт го......

Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн төмөндөшүнө эмне себеп? Учурда базар экономикасынын басып келиши менен ар бир ата-эне өз баласынын сабатсыз калбашы үчүн болгон күчүн топтоп, тапканынын баарын уул-кыздарынын билим алуусуна сарптап жаткан кези. Билим берүүнүн сапатынын төмөн болушу азыркы тапта жүрөк өйүгөн эң негизги маселелердин бири.

Билим берүүнүн сапатынын төмөндөшүнүн эң негизги көйгөйү-бул "ПАРАКОРЧУЛУК". СССР кулап Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн колуна алгандан тартып бул оорунун эпидемиясы бала бакчадан тартып ЖОЖдорго чейин каптап, муну менен эле чектелип калбастан ишке орношуу үчүн да "бармак басты, көз кысты" кылып иш жүргүзүлүүдө.

Билим берүүнүн көйгөйлөрүнүн дагы бири бул-саны көп, сапаты жок жогорку окуу жайлардын артышы.Учурда майда-чүйдө жогорку окуу жайлардын санынын көбөйүшү аз келгенсип, жер-жерлерде алардын филиалдары да ачылууда. Материалдык жактан абалдары оор абитуриенттер филиалдарга тапшырышып, эптеп окуп бүтүрүшүүдө.
Ал эми кээ бир окуу жайларды карап көрө турган болсок, материалдык-техникалык базасы начар, дасыккан тажрыйбалуу адистер жок, билим берүү деңгээли төмөн.Дасыккан, тажрыйбалуу мугалимдер 1990-жылдардагы оош-кыйышта айлык акынын төмөндүгүнөн улам бизнес тармагына өтүп кетишкен.Жогоруда айтылып өткөн филиалдарда илимдин кандидаты эмес ага окутуучу жокко эсе десек жаңылышпасак керек. Майда-чүйдө ЖОЖдордун артышы менен бирге сапатсыз мугалимдердин да саны артууда. Аны менен бирдикте "алма сабагынан алыс түшпөйт" демекчи эт менен челдин ортосунда студенттердин да саны арбууда. Өзүн-өзү актай албаган ЖОЖдорду жаап кыскартуу керек. Он эки пайгамбардан бир кудай өзү артык демекчи материалдык-техникалык базасы начар, сапатту билим бере албаган, коррупцияга малынган он чакты окуу жайга караганда билим берүүгө бардык жагы туура келген бир окуу жайы артык эмеспи. Натыйжада кээ бир билим берүүгө толук жооп бере албаган ЖОЖдорду кыскартып жаап, ал эми кээ бирлеринин материалдык-техникалык базасын чыңдап, тажрыйбалуу мугалимдерди ишке тартуу зарыл демекчимин.

Билим берүү системасында реформанын жоктугу да көйгөй болуп эсептелбей койбойт. Баягы эле совет маалынан калган билим берүү системасынын негизинде иш алпарып көнүп калганбыз. Эч кандай жаңы нерсе жок. Аны жаңылоого же өзүбүз чыгынбайбыз же мамлекет жардам бербейт. Иттен жок же ит байлаган жиптен жок

дегендей каражат жок же каражатты туура жумшаган адам жок. Заман өзгөрөт, заманга жараша адам өзгөрөт. Демек заманга жараша билим берүү системасы да өзгөрүүсү зарыл. Азыркы учурда бардык окуу жайлар заманбап окуу куралдары менен камсыз кылынган деп айтууга ооз барбайт. Себеби заманбап окуу куралдарына дээрлик мамлекет тарабынан каражат бөлүнбөйт. Бөлүнгөн учурда да ал болду, бул болду аягында келип күл болду кылып күм жам кылынат. Билим берүү системасындагы реформага көңүл бурган адам жок. Тетирисинче билимден көрө байлыкка, нукура байлыктан көрө убактылуу көр дүнүйөгө, айкөлдүктөн көрө ач көздүккө көбүрөөк көңүл бурулуп жатса, кайдагы реформа? Мамлекет тарабынан билим берүүгө бөлүнгөн экономикалык базанын начардыгы: Мугалимдерди татыктуу билим берүүгө же студенттерди татыктуу билим алууга шыктандыруу жок. Себеби билим берүү өтө кылдаттыкты, билимдүүлүктү, изденүүнү талап кылган иш. Окуучулардын кызыгуусунун төмөндөшүнө жол койбоо үчүн мугалимдер эскирген экинчи даражадагы материалдардан бошонуу керек, сабак берүү ыкмаларын өздөштүрүп жана аларды чыгармачылык менен колдонуу  керек. Студенттерди окууга шыктандыруу үчүн билим берүүнүн мазмуну да, окутуунун методдору да кызыктуу, эмоционалдуу мотивацияларды өнүктүрүүгө багытталган болууга тийиш. Мына ушунун баарын жасап мугалимдерибиз арзыбаган айлык алып жатса анан эптемейге өтүп жатышат да.

Кадр тандоо саясатынын же жумушка кабыл алуунун туура эмес жүргүзүлүшү. Азыр чындык асманда анын тепкичтери акчадан болуп калган десек жалган эмес. Учурда ишке орношуу үчүн акчанын күчү гана керек. Кандай тажрыйбаң бар, кайсыл окуу жайды бүткөнүң кызыктырбайт. Мисалы: өз күчү менен жалаң “5”ке окуп бүткөн студентти ишке албастан, тууганчыл  же паракорчулук жол менен ишке алышат. Ошол акча аркылуу  ишке орношкон инсан өзүнө сапаттуу эмгекке умтулууну, өндүрүштө өзгөрүүлөргө оң мамилени, жамаатта иштөөгө жөндөмдүүлүктү, демилгелүүлүктү жана  жоопкерчиликти, ишкерлик жөндөмдүүлүктү өнүктүүнү жана атаандаштыкка позитивдүү мамилени калыптандырууну камтый алышы мүмкүн эмес. Ал адам эмгек рыногунда өзүн сата албайт, өзүнүн көнүү коммуникациялык жөндөмдөрүн толугу менен көрсөтө албайт, бул ага жамаатка кошулууга жана өнөктүк мамилелерди түзүүгө мүмкүндүк бербейт.

Студенттердин билимге болгон кош көңүлдүүлүгүнүн себебин да көйгөй катары карап көрөлүчү. Чайнап берген аш болбойт эмеспи кантсе да студенттер даяр жана жеңил нерсеге көнүп алышкан. Кара жандарын кыйнагысы келишпей пара берип, бүтүрүп коюуну адатка айландырып, аны менен бирге мугалимдерди да көндүрүп алышкан.

Билим берүүнүн эне тилинде-кыргыз тилинде жүргузүлбөгөндүгү. Борбордо окугандардын көпчүлүгү айыл жерлерден келгендер. Маани бербестен эле окууга өтүп жатканда туш келди окуу жайды тандап алышат да сабактар орус тилинде өтүлө баштаганда чайналышат. Натыйжада кайра эле пара берип баа алууга өтүшөт.

Бул көйгөйлөрдү санап отуруп  Кыргызстанда көп сандаган көйгөйлөрдүн арасында билим берүү, окутуу тарбиялоо менен катар эле жогорку билим берүү тармагында жогоркудай толгон токой көйгөйлөрдүн кездешиши баарыбызды өкүндүрүүдө деген жыйынтыкка келдим.

Анткени алар эртеңки муундун жоон тобун адистигине окутуу менен эле чектелбестен ошол адистер кайрадан эле өздөрүнөн кийинки муунду окутуп тарбиялап жатпайбы.

Анын башкы себептерин, түпкү тамырын бешиктеги баладан өлкө башчысына чейин эле билип, бирок күрөөшүүдө алсыз, эрксиз болуп жатканыбыз жашыруун деле эмес го.

Нечендеген талкуулоолор, тегерек столдор улууларга чейин өткөндөрүбүз менен бирге тескерисинче күн сайын күчөп жатканынын жашыруун сырлары кайдан келип чыгууда.

Калпеле асманды сүйлөбөй макаланын башында тема болгон маалыматтуу далилге кайрылсак. Жыл башындагы Жалал-Абад медициналык колледжинде болгон чоң талкуудан эмне жыйынтык чыкканын көрдүк го. Ыймандай сырын жашырбаган бир окутуучу “Кредит алгам,эми аны төлөө керек, кантмек элем” деген жообу эмнени тастыктайт.

Ошол шордуу окутуучу эң кур дегенде он беш жыйырма миң сом айлык акы алганда, мүмкүн бул маалымат азыраак болсо да азаймак бирок, өзү араң беш он миң сомго чейин акы алган окутуучунун абалын элестетип көрүңүз. Бул маалымат Жалал-Абад медициналык окуу жайында эле эмес дээрлик бардык окуу жайларында кездешет.

Окшошконго жарашкан болуп коомчулуктун көзөмөлүнүн кескин начарлоосунан көпчүлүк күндүзгү, дээрлик сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери акча табуунун жолуна түшүшүп, көз көрүнө окутуучуларга жол ачып беришүүдө.

Илгери Союздун  маалында жасалма кошуп жазууга жол берген маалымат “жел козу” деп айтылса, учурда “жел студент”, “жел сынак китепчелер” четтен табылат.

Кадимки эле атактуу Николай Васильевич Гоголдун “Өлүү жандары” кайрадан башкача статус же аталыш менен арабызда.

Өзү эптеп-септеп окумуш болуп, курстук иш, дипломдук иш, практика өңдүү зарылдыктардын бирин да көрбөй бүтүргөн педагог эртең барып эмнени окутуп, эмнени үйрөтөөрүн бир кудай өзү билет.

Билим сапаты улам төмөндөп, сабактын сапаты, билим деңгээли жөнүндө дээрлик сөз кылууга болбой калды.

Паракор мугалим жөнүндө эмнени айтсак да жарашат. Кааласак айыптайбыз, а бирок студент акчаны өзү берип же соодалашып жатпайбы. Ырас, айрым учурларды эске албаганда мугалим студенттин үйүнө барып акча сураган жок да.

Керкисинде да кемтигинде да бар деген сыяктуу ошол акчаны биринчи кезекте ким берет деген мыйзам ченемдүү суроо жаралат. Албетте, билими тайкы, сабакты начар билген, сабакка толук катышпаган бирок башкалардан кем эмес баа алууну каалагандар биринчи кезекте, андан кийин шартка байланыштуу келе албаган, айрым эрте турмушка чыккандар, өзгөчө кош бойлуулар келүүдөн уялышып бардык суммага макул, жана эркек балдар арасында көбүнчө биринчи экинчи курстарда рэкет, разборүиктерден корккон балдар бүт баарына макул, мындайлардын ата- энеси да аргасыз макул.

Антпесе, акыркы мезгилде психологиялык кырдаалдын кесепетинен улам чылым тарткан, өз жанын кыюу (суицид) сыяктуу терс көрүнүштөрдөн чочулаган ата-энелер да аргасыз макул.

Адатта өз адистигине жооп бербеген билими тайкы,билим деңгээли төмөн окутуучулар ошол өзүнүн “кыйшык-түзүн” жаап койгонубу айтор өздөрүнчө эле каардуу, талапкөй болумуш этип, сынактарда окуучу менен студентти майдай сызгырган четтен табылат.

Аттестация, лицензия өңдүү текшерүүлөрдө безип жоголуп, справка, капкайдагы документтерди топтоп көрсөтө калат да, комиссиядан эптеп аман калып, баягы көнгөн адатын ийгиликтүү улантат. Эч такыр болбосо акча алалбаса, белек бечкек, товар, буюм эң болбогондо эле эки жүз же үч жүз бирдик (единица) салдырып алганын кулагыбыз чалып калат. Эмне бирдик салуу акчага турбай бекер болмок беле?

Мектептерге барсаң эле баягы ызы-чуу: айлык акынын аздыгы, саат талашмай стимулдук төлөм боюнча наразычылыктар, директорго, завучка, сан психологдун ишине

канаатанбоо, акча жыйымдары, ата-энелер комитетинин иши сыяктуу эле мектептин негизги көрсөткүчүнө тиешесиз кептер.

Айрыкча азыр эмгек акынын бир аз жогорулашынан улам пенсиядагы мугалимдер мектептерге келишип, саат талашмай, параллель класстарды алуунун көздөө, күндөлүк планды жазбоо сыяктуу ички интригалардын аракеттери көнүмүшкө айланууда.

Кайда барба мамайдын көрү дегендей эле адистердин тартыштыгы, көз көрүнө жең ичинен тааныштарды ишке тартуу, командалык ыкмада аракеттенүү, бири-бирин көз көрүнөө колдоо, көз боемочулук менен күрөштөгү алсыздык иш кагаздарын, стандартты, окуу программаларын бурмалоо күнүмдүк эле көрүнүш болуп баратат.

Мектептердеги билим сапатынын жыйынтыгы көз көрүнөө ЖОЖго жетип, бул ашмалтай ого бетер күчөөдө. Шаар же айрым райборбордогу мектептерде окуу үчүн, же ремонтко деп акча топтоонун болуп көрбөгөндөй өлчөмүн чектөөгө республиканын деле алы калбай калды өңдөнөт